# 2019-2020- окуу жылынын жыйынтыгы боюнча кыргыз тили бирикмесинин иштеринин анализи

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басарынын милдетин аткаруучу: Балтабаева Н.Т.

## 2019-2020 окуу жылындагы № 45 жалпы орто билим берүү мектебинде Мамлекеттик тил боюнча жылдык аткарылган иштеринин анализи

Жаңы окуу жылынын башында кыргыз тили жана адабияты боюнча 9 мугалим эмгектенди. Алардын ичинен 2 мугалим кыргыз класстарында, калгандары орус тилдүү класстарда сабак беришти.

Мектеп боюнча 45 класс- комплект. 18 класс башталгыч класстар: 8 кыргыз класс – 273 окуучу,10 орус тилдүү класс – 347окуучу. Жогорку класстарда 13 кыргыз класс – 424 окуучу,14орус тилдүү класс – 466 окуучу .

Жыл башында мугалимдер бөлүнгөн сааттары боюнча календардык пландарын түзүшүп, иш алып барышты.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мугалимдери 2019-2020 окуу жылында “Жаңы инновациялык табылгаларды колдонуу менен окуучулардын кыргыз тили жана адабиятына болгон кызыгуусун арттыруу жана билим сапатын жогорулатуу”проблемасынын үстүндө иштеп, ар бири көйгөй коюп эмгектеништи.

Мугалимдер жөнүндө маалымат:

| № | Аты -жөнү | Туулган күнү | Окуу жайы | Адистиги | Жалпы стажы | Пед. стажы | Билими | Курс. өткөн жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанова Гульзат Кубатбековна | 22.02.1980 | КМПУ 2002 | Башталгыч класс | 11 | 11 | жогорку | 2020 |
| 2 | Асанбаева Нурниса Калдарбековна | 17.05.2019 | КМУ 2002 | Орус кл. кырг. адабият | 13 | 13 | жогорку | 2019 |
| 3 | Балтабаева Назира Туратбековна | 02.03.1972 | БГУ 1994 | Орус тил, адабият | 31 | 26 | жогорку | 2019 |
| 4 | Бейшенова Лунара Нурмухамедкалиевна | 11.12.1988 | КУУ-2010 | Кыргыз тил, адабияты | 10 | - | жогорку | 2019 |
| 5 | Мамбеталиева Нуска Рамазановна | 10.12.1986 | КМУУ 2014 | Кыргыз тил, адабияты | 5 | 2 | жогорку | - |
| 6 | Мойдунова Чынара | 21.04.1961 | ПИРЯЛ 1988 | Орус тил, адабияты | 34 | 34 | жогорку | 2011 |
| 7 | Мамбеталиева Махабат | 22.06.1987 | НГУ 2013 | Башталгыч класс | 5 | 5 | жогорку | - |
| 8 | Сардарбекова Жибек | 10.03.1959 | КМУ 1987 | Кыргыз тил, адабияты | 35 | 35 | жогорку | - |
| 9 | Шаменова Дильбара Асановна | 21.10.1961 | ППГИ 1984 | Башталгыч класс | 37 | 37 | жогорку | - |

Пенсия курагында 3 мугалим , 1 жаш мугалим. Жаш мугалимге жардам берүү үчүн жыл башында насаатчы мугалим бөлүнгөн.

Жаш мугалим Мамбеталиева Нуска Рамазановнага тажрыйбалуу мугалим Мойдунова Чынара Кубанычбековна насаатчылыкка бекитилген. Насаатчы мугалим менен бирге мектеп администрациясы жыл бою системалуу түрдө үзгүлтүксүз иш алып барышты.Жаш мугалимдер үчүн ачык эшик жарыяланды, ачык сабактардын тизмеги коюлду, сабактын планын жазууда

максатын, негизги түшүнүктөрүн жана башка элементтерин пайдалануунун эфективдүү жолдору көрсөтүлдү.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жана өз билимин көтөрүү боюнча мектепте толук шарттар түзүлгөн, мектеп администрациясы тарабынан да шарттар түзүлгөн. 2019-2020 окуу жылында өз билимин өркүндөтүү үчүн курстан Асанбаева Асанова Гульзат Кубатбековна өттү.

Бул окуу жылында усулдук бирикмени Мойдунова Чынара Кубанычбековна жетектеди. Окуу жылынын башында усулдук бирикменин планы түзүлүп, план боюнча иш алынып барылды.

Окуу планынын аткарылышы, ички көзөмөл.

2019-2020 окуу жылында базистик окуу планы менен окутулуп, мугалимдерге бөлүштүрүлгөн саттар боюнча сабактардын жүгүртмөсү түзүлгөн.Чейрек сайын класстарды билим сапаты, жетишүүсү аныкталып, мониторингдер жүргүзүлүп , окуучулардын жетишкендиктери аныкталып турду.

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын айрым класстар боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду. Декабрь айында усулдук бирикменин декадасы өтүлдү. Декаданын планы түзүлүп, мугалимдер план боюнча ачык саатарын, класстан тышкаркы иш - чараларды , окуучулардын билим сапаты , мугалимдердин документациялары текшерилиди. Декаданын жыйынтыгы боюнча активдүү катышкан окуучулар, класстар ,мугалимдер белгиленип, грамоталар менен сыйланышты.

Ар бир айда пландалган боюнча журналдар, окуучулардын дептерлери, башталгыч класстарда класстар боюнча окуу тездиги текшерилип, жыйынтыктары чыгарылып турду.

Жыл ичинде чейрек сайын административдик текшерүү жат жазуулар, тесттер ,ошондой эле план боюнча шаардык билим берүү башкармалыгынан келген билим кесилиштери алынып, жыйынтыктары чыгарылып турду.

| № | Класс | Окутулган тили | Бардыгы | Жазганы | Предмет | Мөөнөтү | Билим сапаты | Жетишүүсү | Формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 10-а | кыргыз | 25 | 21 | кыргыз тили | 19.11.17 | 71% | 86% | жат жазуу |
| 2 | 10-г | орус | 23 | 21 | кыргыз тили | 19.11.17 | 62% | 86% | жат жазуу |

## 2019-2020 окуу жылындагы 2-4- окуучуларынын окуу тездигин текшерүүнүн жыйынтыгы

| № | Класс | Окутуу тили | Өткөрүлгөн күнү | Окуучулардын саны | Норма | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % | Жетишүүсү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-г | орус | 03.12.19 | 42 | 60-65 | 14 | 12 | 12 | 4 | 62 % | 90% |
| 2 | 3-д | орус | 03.12.19 | 41 | 60-65 | 15 | 10 | 13 | 3 | 61% | 93% |
| 3 | 4-г | орус | 04.12.19 | 30 | 65-70 | 13 | 9 | 8 | 2 | 69% | 93% |
| 4 | 4-д | орус | 04.12.19 | 30 | 65-70 | 9 | 8 | 11 | 2 | 57% | 93% |
| 5 | 4-е | орус | 04.12.19 | 30 | 65-70 | 6 | 10 | 10 | 4 | 53% | 87% |
| 8 | 2-а | кырг. | 02.12.19 | 35 | 40-45 | 14 | 13 | 8 | - | 77% | 100% |
| 9 | 2-б | кырг. | 02.12.19 | 32 | 40-45 | 12 | 8 | 12 | 2 | 62% | 94% |
| 10 | 3-а | кырг. | 03.12.19 | 37 | 60-65 | 12 | 14 | 11 | - | 70% | 100% |
| 11 | 3-б | кырг. | 03.12.19 | 35 | 60-65 | 14 | 7 | 12 | 2 | 60% | 94% |
| 12 | 4-а | кырг. | 04.12.19 | 35 | 65-70 | 10 | 12 | 12 | 1 | 63% | 97% |
| 13 | 4-б | кырг. | 04.12.19 | 33 | 65-70 | 9 | 11 | 10 | 3 | 61% | 90% |




**23.11.2019** негизги предметтер боюнча мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Жыйынтыгында I чи орунду ээлеген окуучулар **райондук олимпиадага** жөнөтүлдү.

| **№** | **Окуучунун аты-жөнү** | **Классы** | **Ээлеген орду** | **Окуган тили** | **Предмети** | **Мугалимдин аты—жөнү** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | Исманалиев Бактыбек | 11 а | **I** | кыргыз | кырг. тил | Сардарбекова Ж |
| **2.** | Алимкулова Элина | 10 а | **I** | кыргыз | кырг. тил | Сардарбекова Ж |
| **3** | Шейшенова Айгерим | 9 а | **I** | кыргыз | кырг. тил | Сардарбекова Ж |
| **4.** | Жакшылыкова Фатима | 10 г | **I** | орус | кырг. тил | Мойдунова Ч.К. |
| **5.** | Ермекова Кундуз | 11д | **I** | орус | кырг.тил | Мойдунова Ч.К. |
| **6.** | Бактыбекова Сезим | 11 д | **I** | орусча | кырг. тил | Мойдунова Ч.К. |


***II чейрек*** ичинде жүргүзүлгөн **административдик текшерүү** иштеринин жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.


| **№** | Классы | Окут. тили | Бар дыгы | Жазганы | Жазган күнү | Билим сапаты | Жети шүүсү | Формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 8-А | кырг. | 36 | 33 | 17.12.19 | 48% | 94% | жат жазуу |
| **2** | 8-Б | кырг. | 34 | 32 | 17.12.19 | 50 % | 91 % | жат жазуу |
| **3** | 8-Г | орус | 34 | 31 | 19.12.19 | 61% | 97% | жат жазуу |
| **4** | 8-Д | орус | 33 | 32 | 20.12.19 | 59% | 91% | жат жазуу |

Орус тилдүү класстарынан мамлекеттик сынакка карата даярдыгын текшерүү боюнча алынган тесттин жыйынтыгы

| **№** | Классы | Окут. тили | Бар дыгы | Жазганы | Билим сапаты | Жети шүүсү | Формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 9-Г | орус | 39 | 37 | 75% | 100% | тест |
| **2** | 9-Д | орус | 33 | 29 | 55% | 96% | тест |
| **3** | 11-Г | орус | 24 | 23 | 86% | 100% | тест |
| **4** | 11-Д | орус | 24 | 22 | 86% | 100% | тест |

**Текшерүүнүн максаты:** негизги предметтерден жат жазуу алуу менен диагностикалык жыйынтык чыгаруу.


Кыргыз тили, адабияты боюнча билим сапаты жана жетишүүсү (2-чейрек)
100
90
80
70
60
50
40
30
20
10
0
49
99
58
99
63
100
63
100
кыргыз тили (кыргыз класс)
кыргыз адабияты (кыргыз класс)
кыргыз тили (орус класс)
кыргыз адабияты (орус класс)
билим сапаты
жетишүүсү



Кыргыз тили жана адабияты боюнча билим сапаты жана жетишүүсү (3-чейрек)
100
80
60
40
20
0
64
100
66
100
60
100
56
100
кыргыз тили (кыргыз класстар)
кыргыз адабияты (кыргыз класстар)
кыргыз тили (орус класстар)
кыргыз адабияты (орус класстар)
билим сапаты
жетишүүсү

4-чейрек республикабызда түзүлгөн кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу менен өтүү. Башталгыч класстар боюнча “Баластан” каналынан, 5-11 класстар боюнча “ Илим-билим”, “Санат”,
“ЭЛТР” каналдарынан Билим берүү жана илим министрилигинин колдоосу менен тартылган телесабактар көрсөтүлдү. Телесабактар өтүлгөндөн кийин окуучулар менен предметтик мугалимдердин ортосунда кайтарым5байланыш болду. Аралыктан окутуу окуучуларга, мугалимдерге кыйынчылык жаратпай койгон жок. Аз камсыздуу үй-бүлөлөрдө телевизордун, айрым үй-бүлөлөрдө уюлдук телефондордун жок экенди билинди. Мектеп администрациясы жана айрым ата-энелердин колдоосу менен абалдан чыкканга аракет кылынды.Бул шартта педагогикалык жаамат болгон аракетин жумшап, техника каражаттарын колдонуп, интернет булагындагы тиркемелерди колдонуп, онлайн сабактарын өткөнгө аракет кылышты. Эгерде окуучу өз убагында телеканалдардан сабактарды көрө албай , маалымат ала албай калган учурларда мектептин сайтында жүктөлгөн предметтик мугалимдердин календардык план менен түзүлгөн сабактарды көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Аралыктан окутууда “О”, “Мегаком” уюлдук тармактардын мугалимдер менен окуучуларга интернет менен акысыз байланышта болуусуна мүмкүнчүлүк түзүп беришти.

Аралыктан окутуунун артыкчылыгы болуп, өзгөчө башталгыч класстардын ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын ортосундагы тыгыз байланыш болгону байкалды.

Аралыктан окутуунун негизги көйгөйлөр- үй-бүлөдө 3-4 баладан мектеп жашында болуп, уюлдук телефон, техника каражаттары менен камсыз болбошу,телефондордун интернеттен тиркемелерди ачпаган учурлары, айрым учурларда интернеттин сапатынын начардыгы. Демек, сапаттуу билим алуу үчүн, ар бир мугалим жана окуучу техникалык каражаттар жана интернет менен толук кандуу камсыз болушу керек.






Класстан тышкаркы иш –чаралар.

Шаардык билим берүү башкармалыгынын түзүлгөн планын негизинде "Кыргыз Республикасыны Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамын кабыл алганынын 30 жылдыгы карата түзүлгөн планынын негизинде мектеп ичинде иш-план түзүлүп бекитилип,пландын негизинде иш алып барылды.

23-сентябрь "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамын кабыл алганынын 30 жылдык майрамына карата салтанаттуу иш -чара өтүлдү .



4-декабрь Манас күнүнө карата  башталгыч класстардын  арасында “Жаш манасчы” кароо-сынагы өтүлдү. 2-4 класстардын окуучулары “Манас” эпосунунан үзүндү айтышып, өзүлөрүнүн  чеберчилигин көргөзүштү.



Декабрь айынын башында усулдук бирикменин декадасы өттү.УБнин жетекчиси мугалимдер менен бирдикте декаданын планы түзүлүп, пландалган боюнча мугалимдер ачык сабактарын, класстар арасында кароо-сынактарды өткөрүшүп, мугалимдердин документациялары текшерилди. Декаданын жыйынтыгы бирикменин отурумунда каралып, сынактардын жеңүүчүлөрү, активдүү  катышкан класстар, окуучулар грамоталар менен сыйланышты, кетирилген кемчиликтер талкууланып анализделинди.

Февраль айында  21- февраль -Эне тил күнүнө карата план түзүлүп өткөрүлдү. 17-февраль күнү “Тил-достуктуктун ачкычы” райондук кароо-сынагы  өттү.








21-февралда 6-7-8 класстардын арасында өткөрүлгөн Фестиваль жогорку деңгээлде өттү. Бардык класстар бөлүнүп берилген республикаларды программа боюнча мыкты даярданышып, фестивалдын жыйынтыгында достук жеңип, катышуучу класстардын бардыгы ыраазычылык каттары менен сыйланды .

3-март Кыргыз Респуликасынын Желек күнү карата мектепте салтанаттуу линейка өткөрүлдү.

5- март Ак калпак күнүнө карата  башталгыч класстардын арасында сүрөт, жогорку класстарда кыргыз улутунун баш кийминин макети боюнча кол  өнөрчүлүгүн көргөзүштү.

Мектепте мамлекеттик тил боюнча бардыгы 6 кабинет бар. 2 кабинет кыргыз класстары үчүн. 4 кабинет орус класстары үчүн, анын ичинен бир кабинет башталгыч класстардын тайпасы үчүн. Класс- кабинеттердин ичи жасалгаланган, кабинет жетекчилери кабинеттерди өнүктүрүү пландары  боюнча жылда толуктоо жүргүзүп турат.

Жалпы мамлекеттик аттестация мамлекеттик кырдаалга байланыштуу жылдык баасынын жана чейрек ичинде жазган жазуу иштеринин негизинде, түзүлгөн комиссиянын чечими менен жыйынтык  баа коюлду



2020-2021 окуу жылына мугалимдерге болжолдуу саатар бөлүштүрүлдү.

Окуу жылынын жыйынтыгын анализдөө менен кийинки окуу жылына төмөндөгүдөй көйгөйлөр аныкталды:

1. Окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуп сабактарды өтүү менен окуучулардын билим сапатын
жогорулатуу
2. Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу менен ишке болгон жөндөмдүүлүгүн арттыруу жана заманбап технологияларды өздөштүрүүсүнө көмөктөшүү
3. Таланттуу балдардын ишин жандандыруу максатында ийримдерди ачуу
4. “Манас таануу” ийримин уюштуруу жана жетектегенге мугалимди даярдоо
5. “Кыргыз тилин үйрөнөбүз” курсун жандандыруу
6. Мамлекеттик тилдеги гезит, журналдарга жазылуу

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Балтабаева Н.Т.